БЕКИТИЛДИ

2021-жылдын "___" ___________

**ӨЗҮН –ӨЗҮ БААЛОО БОЮНЧА ОТЧЕТ**

***<u>КЕҢЕШБЕК МЫРЗАБЕКОВ АТЫНДАГЫ ОРТО МЕКТЕБИ</u>***

**ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК АККРЕДИТАЦИЯЛОО**

# Минималдуу талаптардын аткарылышын талдоо жана тастыктоочу база

<table>
<tr><th></th><th>Өзүн –өзү баалоо критерийлери</th><th>Өзүн –өзү баалоонун натыйжалары</th><th>Тастыктоочу база</th></tr>
<tr><td colspan="4">1. БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ</td></tr>
<tr><td>1.1</td><td>Билим берүү уюмунун ишин жөнгө салуучу бекитилген ички актылардын болушу.</td><td>- Мектеп ишмердүүлүгүбүздү төмөнкүлөрдүн негизинде жүргүзөбүз<br>- -Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамы;<br>- -Балдардын укугу жөнүндөгү Конвенциясы;<br>- -Кыргыз Республикасынын балдар жөнүндө Кодекси;<br>- -Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №403 Токтому менен 21.07.2014-жылы бекитилген мектептик билим берүүсүнүн Мамлекеттик стандарты;<br>- -“Мугалимдин статусу” мыйзамы;<br>-<br>- Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2016-жылы 12-сентябрдагы №541токтому менен бекитилген жалпы билим берүү уюму жөнүндөгү типтүү жобонун негизинде мектептин “Уставы” иштелип чыккан Нарын облусунун юстиция башкармалыгы тарабынан алгачкы мамлекеттик каттоо 27.12.1995-жылы өткөрүлгөн. Юридикалык жакты мамлекеттик кайра каттоо жөнүндөгү күбөлүк 21.01.2015-жылы берилген. №0015635 ИНН 02712199510809<br>-<br>- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 21.04.2014-жылы №403 Токтому менен бекитилген. “Кыргыз Республикасынын жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандартынын” негизинде билим берүү үч баскычты камтуу менен жүргүзүлөт:<br>✓ Жалпы башталгыч билим берүү - 1-4-класстар<br>✓ Жалпы негизги билим берүү - 5-9-класстар<br>✓ Жалпы орто билим берүү - 10-11-класстар<br>- Мектептин ички документтери: базалык окуу планы, окуу программалары жана класстык журналдар;<br>Сапаттуу билим берүү үчүн мектептин ички көзөмөлдөөнүн жыйынтыгы , административдик текшерүү жана билим сапатын текшерүүнүн жыйынтыгы.<br>Мектеп өзүнүн ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамына, Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы укуктук-ченемдик актыларга жана мектеп Уставына таянып иш жүргүзүлөт.<br>Окутуу бир тилдүү: кыргыз тилинде. Окуу планы мамлекеттик стандарттын талаптарына туура келет жана Кыргыз Республикасынын ББИМнин 2020-жыл май айындагы № 616/1 буйругу менен бекитилген. Базистик окуу планына ылайык түзүлгөн. Окуу планында Кыргыз Республикасынын ББИМнин окуу иштери менен окуу колдонмолорун пайдалануу каралган. Кеңешбек Мырзабеков атындагы орто мектебинде 36-класс комплект болуп, 1022 окуучу окуйт. Жалпы жумалык окуу жүктөмү . Окутуу эки сменада жүргүзүлөт.</td><td>1-тиркеме .<br>http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/1216,<br>2-тиркеме<br>http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/391<br>3-тиркеме<br>https://www.unicef.org/UnicefCRCRussianKyrgyz.pdf<br>4-тиркеме<br>http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/203700<br>5-тиркеме<br>-Устав, Юридикалык каттоодон өткөн күбөлүк.<br>7-тиркеме<br>-Окуу планы .<br>8-тиркеме<br>Стратегиялык Өнүгүү планы</td></tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Каникулдардын графиги Базистик окуу планынын түшүндүрмө катынын негизинде коюлган.<br>Программалар, окуу китептери, текшерүүчү дидактикалык материалдар, усулдук адабияттар, тематикалык иш-чаралар окуу планына, билим берүүнүнүн мазмуунун милдеттүү минимумуна, окутуунун сапатынын жыйынтыгына, окуучулардын өнүгүүсүнүн деңгээлине жана психологиясына дал келет. | |
| 1.2 | Билим берүү уюмунун бекитилген миссиянын, кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн жана өзүн-өзү баалоонун ар жылдык жыйынтыктарын эске алуу менен иштелип чыккан стратегиялык жана учурдагы пландардын болушу. | 2017-жылы августунда №1 педагогикалык кеңешмеде бекитилген мектептин өнүктүрүү планында (стратегиялык план) жана учурдагы окутуп тарбиялоону жакшыртуу планында (ОТЖП) мектептин миссиясы, максаты чагылдырылган.<br>Мектептин миссиясы: Жалпы билим берүүчү мекеме болуу менен бирге, жалпы билим берүүдө ата-эне, коомчулук менен тыгыз байланышта болуу менен, алган билимдерин турмушта пайдалана алган, ар тараптан өнүккөн инсанды тарбиялоо.<br>Мектептин алдыга койгон максаты: окуу тарбия процессинде заманбап технологияларды пайдалануу аркылуу сапаттуу билим жана тарбия берүү менен компетенттүү инсанды окутуп, тарбиялоо.<br>Мектеп жамаатынын алдыга койгон максатка жетүү үчүн, төмөнкү стратегиялык планы түзүлгөн:<br>1. Окуу тарбиялык<br>➢ Мектеп окуучуларына мамлекеттин талаптарына дал келе тургандай сапаттуу билимди жана тарбияны камсыз кылуу .<br>➢ Окуучулардын билим сапатын, тарбиясын жакшыртуу. максатында ата-эне менен мектептин кызматташуусун чыңдоо.<br>➢ Улуттук маданияттын баалуулуктарын жана тарыхын үйрөтүүнүн негизинде ар бир окуучунун инсандык жактан өнүгүүсүнө комплекстүү шарттарды түзүү.<br>2. Мектептин окуу - методикалык жана материалдык техникалык базасын чыңдоо.<br>➢ Квалификациясын жогорулатуу курстарынан өтүү, алдыңкы иш тажрыйбаны жайылтуу<br>➢ Окуу кабинеттерин жабдуу, жаңыртуу, спорттук инвентарлар менен камсыз кылуу.<br>➢ Китепкананын китеп фондун жаңыртуу, толуктоо.<br>➢ Компьютер, принтер, интерактивдүү доска менен камсыз кылуу, видео камера орнотуу.<br>➢ Көмөкчү чарбаны өнүктүрүү .<br>Мектептин өнүктүрүү планына киргизилген, ал эми толуктоолор окутуп тарбиялоону жакшыртуу планында жыл сайын анализделип киргизилет.<br>Пед кеңештердин, өндүрүштүк кеңешмелердин маселелери талапка ылайык, зарыл деп табылган маселелер менен алмашып турат.<br>Билим берүү уюму кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө карата төмөнкү структуралык бөлүктөр менен иш жүргүзүлөт:<br>- педагогикалык курам.<br>- тех. персонал<br>- ата – энелер комитети<br>- коомчулук . | Стратегиялык өнүгүү план<br><br>ОТЖ планы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.3 | Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке ашыруу жана жооптуу адамдардын, түзүмдөрдүн болушу | Мектептин башкаруу ишмердүүлүгү мектептин директоруна жана анын орун басарларына бөлүштүрүлгөн бардык кызматкерлердин милдеттери иштелип чыккан. Мектеп администрациясы мугалимдерге усулдук жардам берүү менен окуу – тарбия процессин “мугалим-окуучу-мугалим” принцибинде кызматташуу багытында иш жүргүзөт. Мектепте усулдук бирикме жана алардын жетекчилери бекитилип, алдыга максаттары коюлуп иш пландар түзүлгөн.<br>Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке ашыруу жана жооптуу адам мектептин окуу - тарбия иштери боюнча директорунун орун басары Арыстанбекова Майрамбүбү жана усулдук бирикмелердин жетекчилери эсептелинет.<br>Мектепте 8 усулдук бирикмелер иш алып барат:<br>2. .Гуманитардык кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин жетекчиси –Жумалиева Элизат.<br>3. Гуманитардык орус тили жана адабияты англис тили усулдук бирикмесинин жетекчиси – Сейтказиева Кымбат<br>4. Так илимдер (математика, физика, информатика) усулдук бирикмесинин башчысы – Майрамбекова Гүлзада.<br>5. Химия-биология усулдук бирикмесинин жетекчиси – Шаршембиева Назира<br>6. Тарых-география усулдук бирикмесинин жетекчиси –Өмүров Элдияр<br>7. Эстетикалык (музыка, дене тарбия, көркөм өнөр) усулдук бирикмесинин башчысы –Дайырбек у Келдибек<br>8. Башталгыч класстар боюнча усулдук бирикменин жетекчиси- Капарова Нурзада<br><br>Билим берүүнүн сапатын камсыздоодо усулдук бирикмелердин максаттары түзүлгөн:<br>✓ мугалимдердин квалификациясын жана чеберчилигин жогорулатуу<br>✓ жаш мугалимдердин кесиптик өнүгүүсүнө колдоо (насаатчылык) көрсөтүү.<br>✓ Билим берүү чөйрөсүндөгү окутуунун сапатына талапты камсыз кылуу.<br>✓ Бирдиктүү билим жана тарбия берүүдө,инсандын өнүгүүсүн жана калыптануусун камсыз кылууга чыгармачыл иш-чараларды уюштуруу.<br>✓ Мугалимдердин педагогикалык ишмердүүлүгүнүн натыйжасын баалоо.<br>Иш пландын негизинде ачык сабактар, предметтик декадалар жана өз ара сабактарга катышуу уюштурулуп, сунуш пикирлер айтылып, методикалык окуулар, семинарлар өтүлүп турат.<br>Окуучулардын окуу жөндөмүнө жараша түзүлгөн жылдык иш план боюнча кошумча сабактардын өтүлүшүн көзөмөлдөө максатында ар бир мугалим өз предметтери боюнча жөндөмдүү жана аяр мамиледеги окуучуларды аныктап чыгышат жана алар менен иштөөдө өзүнчө пландарды түзүшөт.<br>Пландын негизинде предметтик мугалимдер тарабынан төмөнкү иштер аткарылат:<br>✓ Окуу кабинеттеринде жөндөмдүү окуучулардын деңгээлин көтөрүүгө ылайыктуу материалдар топтолуп, иштер жигердүү алып барылат.<br>✓ Жөндөмдүү жана аяр окуучулардын ата-энелери менен балдарынын өсүү жөндөмдүүлүгү боюнча | <u>Усулдук бирикмелердин жылдык пландары</u><br><br>Мониторинг, анализдер |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | консультациялар дайыма өткөрүлүп турат.<br>✓ Жөндөмдүү жана аяр окуучулар менен иштөө отчеттору, өсүү мониторингдери предметтик мугалимдери тарабынан өз учурунда даярдалып анализдер берилип турат.<br>Жөндөмдүү окуучулар менен дилбаян, баяндамалар иштери жана андан сырткары кошумча адабий китептерди окуу менен байма-бай иштер жүргүзүлгөн. Өзгөчө 1-4-класстар арасында таза жазуу иши боюнча жана окуп түшүнүү боюнча башталгыч класстарынын мугалимдери ата-энелер менен бирдикте “Бирге окуйбуз” долбоорун ийгиликтүү алып баруу менен, биздин мектептин иш-чаралары райондук семинарларда көрсөтмө катары көрсөтүлдү. Учурда башталгыч класстын мугалимдери китепканачы менен бирдикте “Керемет окуу” долбоорун башташты.<br>Окуучулардын каллиграфиясын оңдоо, катасыз жазууга үйрөтүү максатында өзүнчө дептерлер ачылып, кошумча иштер жүргүзүлөт. Сабактан тышкары мектептеги ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген үч окуучу менен жекече иштер жүргүзүлүп, кошумча сабактын жүгүртмөсү түзүлүп, мугалимдер бөлүштүрүлгөн.<br>Ички көзөмөлдүн планынын негизинде мугалимдер фронталдык текшерүүдөн да өтүп турушат. Бул текшерүүнүн негизинде ар предметтик мугалимдин өзүнүн предмети боюнча билим сапаты текшерилип, мугалимдин ийгиликтери жана кемчиликтери аныкталат. Өзүнүн предмети боюнча администрация тарабынан насаатчы мугалимдер менен мониторинг анализ талдоо иштери жүргүзүлүп, мугалимдерге сунуштама берилип, үзгүлтүксүз усулдук жардамдар берилет.<br>Өз билимин өркүндөтүү жана кесиптик деңгээлин жогорулатуу боюнча мугалимдер үчүн “Усулдук күн” уюштурулган. Бул иш – чаранын алкагында мугалимдер билим жаатындагы жаңылыктар, жаңы усулдар, интерактивдүү усулдар, докладдар менен таанышышып маалымат алышат. Бул күнү мугалимдер үчүн актуалдуу болгон темалар каралат. Мисалга алсак “Билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары”, “Баалоонун түрлөрү, стратегиялары, натыйжалары, көрсөткүчтөрү”, “Негизги ченемдик документтер”, “Компетенттүүлүктөр”, “Кайтарым байланыш” ж. б.ушул сыяктуу усулдук жаңылыктар менен таанышып, баарлашып, талкууга алышат. Ар бир бирикменин предмет боюнча дубал газеталар уюштурулган, ал жерге предметтер боюнча кызыктуу материалдар, жаңылыктар, маалыматтар илинип турат.<br>- Окутуунун натыйжалуулугун арттыруу үчүн аткарылган иштер ай сайын УБ жетекчилиги тарабынан отчёт, анализдер жазылып, УБ күнүндө талкууланат жана усулдук бирикменин жыйынтыгы токтомдордо көрсөтүлүп кийинки айга милдеттер кабыл алынат.<br>- Мугалимдердин иш тажрыйбасын жайылтуу жана алмашуу максатында иш чаралар аткарылып келет.<br>- Мугалимдердин педагогикалык чеберчилигин, квалификациясын жогорулатуунун үстүндө иштөө менен 45% мугалим ар кандай курстардан өтүштү.<br>- Жаш мугалимдерге усулдук жактан жардам көрсөтүү максатында “Устат жана шакирт” иши жолго коюлган. Жаш мугалимдерге насаатчылар бекитилген. Насаатчынын жаш адис менен иш алып баруучу иш планы, жаш адистин кесиптик өнүгүүсү боюнча иш чаралар жыйнагы жана насаатчылыктын функциялары милдеттери түзүлгөн.<br>Жаш адистердин иштери боюнча сабактардын пландарынын топтому, пикирлер, сунуштар банкы жана анкета баракчалары жүргүзүлөт. | Отчет<br><br>Анализ<br><br>Токтомдор. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.4 | Персоналдык жана окуучулардын жүрүм – турумунун ченемдеринин болушу, аларды сактоо (билим берүүнүн жана инсандын, маданий көп түрдүүлүктүн баалуулуктун ) | Мектептеги билим берүү программаларынын мазмуну Кыргыз Республикасынын жалпы мектептин билимдин мамлекеттин билим берүү стандарттарына ылайык келет.<br>Базистик окуу планынын негизинде сабактардын жүгүртмөсү түзүлгөн.<br>Окутуу – 2 сменада жүргүзүлөт. Иштөө режими: 5 күндүк.<br>Этикалык ченемдик актылар окуучулар үчүн да, педагогдор үчүн да 28.08.2020-жылы №1 пед кеңеште каралып, бекитилген. Мугалимдердин арасында этика комиссия түзүлгөн. Бул комиссия этикалык ченемдер бузулган учурда жана жеке кайрылуулардын негизинде иш жргүзөт. <u>Мугалимдердин профессионалдык этикасынын кодекси:</u><br>✓ Мугалимдин негизги нормалары;<br>✓ Мугалимдин башка адамдар менен өз ара мамилеси;<br>1. Мугалимдин окуучу менен мамилеси;<br>2. Мугалимдердин бири бири менен өз ара мамилеси;<br>3. Администрация менен өз ара мамилеси;<br>4. Окуучунун ата-энеси менен өз ара мамилеси;<br>5. Коомчулук менен өз ара мамилеси.<br>**<u>Окуучунун тартип эрежеси:</u>**<br>✓ Окуучулардын мектепке келүүсү;<br>✓ Окуучулардын сырткы көрүнүшү;<br>✓ Окуучулардын сабакка катышуу тартиби;<br>✓ Окуучулардын танапис учурундагы тартиби;<br>✓ Ашканадагы тартип;<br>✓ Кече, чогулуштагы тартип;<br>✓ Мектептен тышкаркы тартип;<br>✓ Дежур окуучунун класстагы милдети;<br>✓ Дежур окуучунун мектептеги милдети; | Мектептин уставы.<br>Мектеп ички тартип эрежелеринин жобосу.<br>Этикалык кодекс, актылар. |
| 1.5 | Ишти баалоо, пландоо, уюштуруу ошондой эле билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун абалына мониторинг жүргүзүү механизмдеринин жана жол жоболорунун болушу. | Мектеп билим берүү программаларынын өз максаттарына жетүүсүн жана окуучулардын билим деңгээлин жогорулатууучун мониторингдер жүргүзүлүп, бааланып турат. Мектептеги окуучулардын билим сапатын текшерүү чейрек сайын өтүлөт.<br>Мектептеги билим берүү программаларын иштеп чыгууга, бекитүүгө, мониторингдөөгө жана мезгили менен баалоонун чен-өлчөмдөрү коюлган:<br>Мектептин миссиясы менен дал келген жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талабына ылайык максаттары коюлган:<br>✓ Стандартка ылайык окуу жүктөмдөрү түзүлгөн.<br>✓ Мониторинг жүргүзүү (билимин баалоо, жетиш, катыш)<br>✓ Мониторингдердин жана баалоонун жыйынтыктары бардык кызыктар тараптар менен бирге талдап, талкууланат.<br>Биздин мектебибиздин ишин баалоо, пландоо, жыл ичиндеги болуучу иштерди уюштуруу, ошондой эле билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун абалына мониторинг жүргүзүү механизмдери төмөнкүдөй тартипте жүрөт:<br>1.Жыл сайын окуу жылына карата мектептин жылдык иш планы түзүлөт. Жылдык иш план педагогикалык | Окуу бөлүмүнүн башчысынын маалыматтары<br><br>Жылдык отчёттор, мониторингдер<br><br><u>Билим сапатынын анализи</u> |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | кеңешмеде талкууланып бекитилет.<br>2. Мектептин жылдык иш планынын негизинде предметтик секциялардагы предметтер боюнча окуучулардын билим сапатына жана өздөштүрүүсүнө баалоо жүргүзүлөт.<br>3.Билим сапатын камсыздоо максатында ар чейрек ичинде жылдык иш пландын негизинде мектептин буйругу чыгып, белгиленген предметтер боюнча текшерүү же мониторинг жүргүзүлөт.<br>Текшерүү учурунда төмөнкүлөр каралат:<br>а) Предмет боюнча мугалимдин квалификациясынын шайкеш келиши;<br>б)Предметтик мугалимдин сабак өтүү чеберчилиги, окуучуларга теманы жеткире алышы жана кайтарым байланышы;<br>в) Тест же жазуу иштеринин жыйынтыгы;<br>г) Предметтик мугалимдин иш кагаздарынын талапка жооп бериши, жазылган күндөлүк планы окуу программасына башкача айтканда мамлекеттик стандартка дал келиши.<br>4.Предметтер боюнча текшерүүнүн жыйынтыгы же мониторинги кезектеги педагогикалык кеңешмеде каралат. | |
| | | Мектеп КРнын Билим берүү жана илим министрлиги сапаттуу билим берүүгө жеткиликтүүлүктү кеңейтүү, окуу жана билим берүүчү технологияларынын мазмунун жаңыртуу, ресурстарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу максатын койгон билим берүүнүн өнүгүү Стратегиясын жага КРнын өкмөтүнүн 2016-жылдын 15-ноябрындагы №590-токтомуна, Республиканын мектептик билим берүү системасына предметтик стандарттарды баскычтуу киргизүү боюнча иш-чаралардын планына ылайык милдеттердин максаттардын негизинде иш алып барууда. Мектеп негизги компетенттүүлүктөрдүн тизмесин сабактарга колдонуу менен аларга жетүүнүн деңгээлин, билим берүү тутумунун деңгээлинде мектептин класстын жана айрым окуучулардын билиминин натыйжаларына баа берүү менен билим берүүдөгү уюштурууга жана методикалык өзгөртүүлөрдү киргизе алды. Педагогикалык кадрлар предмети боюнча окуучунун курактык өзгөчөлүгүнө ылайык илимий жана практикалык негиздерди түзө алды. Компетенттүүлүктүн негизинде окуучу мугалим маек кура билүүнү, баарлагууну, маңыздуу компромиттерди издеп табууга жана окуучулардын өз алдынчалуулугун, демилгелүүлүгүн, окуу ишмердигинде иштей билүү жөндөмүн өнүктүрүү жана коомго аралагуусуна маанилүү натыйжаларды бере алды десек болот.<br>Мугалимдер предмети боюнча окутуунун оптималдуу варианттарын жана интерактивдүү усулдарын пайдалануу менен сабак берүүнүн сапаты жакшы деңгээлге көтөрүлдү. Сабактагы мультимедиалык каражаттардын кеңири колдонуусу учурдагы заманбап талаптар менен шайкеш келип окуучулардын сабакка болгон кызыгуулары артты. Мугалим ар бир сабактын планына максаттарды так коюп, сабак күтүлүүчү натыйжаны так берип, сабактын структурасын туура коюп, сабактын этаптарында компетенттүүлүктөр аныкталып, баалоонун түрлөрү, кайтарым байланыш өңдүү түшүнүктөр менен сабактын өзөктүү маанилүүлүгүн аныкташты. Окутуунун негизги компетенттүүлүктөрүн колдонуу билим берүү процессинин түзүмүн мазмунун уюштурулушунтолугу менен өзгөртө алды. Сабакта биринчи кезекте окуучунун кызыкчылыгы, шыгы жана жөндомдүүлүгү эске алынып предметтик компетенттүүлүккө ээ болуу менен окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктердин топтому түзүлдү. Мугалимдер сахна-сабак, аукцион - сабак, жарыш-сабак, саякат-сабак, талкуу-сабак, диспут – сабак, пресс конференция, сабак мозаика, топтордо иштөө, сабак лекция ж.б.предметтер | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | боюнча сабактын формалары ар түрдүүлүктөргө ээ болду. Окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун арттыруу максатында, билим багытында кароо сынактар, мелдештер, интелектуалдык таймаштар күч алды. Айта кетсек окуучулар арасында өтүлүүчү “Акыл ордо”, “Манас”, интелектуалдык, “Математикалык” таймаштары уюштурулган. Мектепте предметтик ийримдер иштейт. | |
| **1.6** | **Кызыкдар тараптарды тартуу менен чечимдерди кабыл алуунун жана тиешелүү оңдоолорду киргизүүнүн колдонуудагы механизмдерин ин болушу.** | Ата эне, коом , айыл өкмөт, мектеп менен бирдикте балдарга мектеп ичинде ыңгайлуу микроклимат түзүү механизми иштелип чыккан.<br>1. Нормативдик изилдөө актылары КРнын “ Билим берүү” боюнча жоболору<br>2. Мугалимдердин өз билимин өркүндөтүү курстары<br>3. Предметтик мугалимдердин тренингдери<br>4. Предметтик мугалимдердин семинарлары<br>5. Интерактивдүү методдор менен окутуу<br>6. Ата-энелердин мектеп жана коомчулук менен өз ара байланышы.<br>7. Инфраструктураны өнүктүрүү.<br>8. Ата-энелер комитетинин,мектептин,айыл өкмөтүнүн, айылдык кеңештин биргелешуу иш-аракеттери.<br>Мектеп айыл өкмөтү , ата-энелер, милиция кызматкерлери, врачтар , жаштар уюму, жогорку, орто окуу жайлар жана башка мектептер менен кызматташуу менен окутуу- тарбиялоо иштерин жүргүзөт.<br><br>Мектептин жана мугалимдин жашосуна көптөгөн ата – энелерди үй – бүлөөлөрдү жана жамааттарды тартуу үчүн мектеп төмөндөгүлөрдү жасап келет;<br><br>Мектепке биринчи класска кирген окуучулардын атат – энелери менен чогулуш өтүлүп аларга мектептин милдеттери жана ата- энелер, аларды ишке ашырууга кандайча жардам бере ала тургандыгы жөнүндө түшүндүрмө берилет. Ата- энелерге дайыма куттуктоо же маалымат баракчалары жиберилип окуучунун мыкты болуусуна жардам берүү үчүн мектеп тараптан түрдүү жолдор көрсөтүлүп турат. Ата- энелер менен окуучулардын бирикмеси түзүлүп мектептин өнүктүрүү ишине жана балдардын билим берүү процессине ата – энелерди активдүү тартуу жагы жүргүзүлөт. Окуучулардын жетишкендиктерин талкулоо үчүн тез – тез мугалимдер менен айрым ата- энелердин жолугушуусу өтүлүп турат. Ар бир класста мезгилдүү көргөзмөлөр уюштурулуп, окуучулардын иштеринин үлгүлөрү т.а күндөлүктөр, жазуу дептерлери, портфолиолору, китепчелери боюнча уюштурулуп алардын көрсөтүлгөн ийгиликтери менен тааныша алышат. Ата – энелер балдарынын окууга болгон жөндөмдүүлүктөр жакшыртуу үчүн мектептин коомдук иштерине активдүү катышып келишет. Окуу жылынын ичинде ата- энелер үчүн «Ачык эшиктер күнү» өткөрүлөт, анын жүрүшүндө ата-энелер балдарынын окуган классын көрүү үчүн чакырылып, ошондой эле мугалим менен кезигип аларга окуучулар кантип жана эмнени окуушарын демонстрациялоо үчүн чакырылып турат. Ата – энелер мектептеги китепкананы өнүктүрүүгө жардам беришти.<br>« Бир адамдан бир китеп» долборунун алкагында акция уюштурулуп, спонсолор тарабынан 35000 ( отуз бе миң) сомдук жаңы адабий китептер жана 700 дана китеп чогулуп, мектеп китепканасына тапшырылып берилди.<br>Ата – энелер университети ай сайын өтүлүп, азыркы күндөгү актуалдуу проблемалар каралып, балдары | КРнын жарлыгы<br><br>УБнын протоколдору |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | мугалимдер менен бирдикте талкууга алышат «Кылмыштуулук», «Зордук зомбулук», «Суицидди алдын алуу», «Кыздар жана балдар» арасындагы иш -чаралар «Өрнөктүү  ата- энелер», «Интернеттин пайдасы жана коркунучу», «Мигранттардын балдары менен иштөө» ж.б иш- чаралар үзгүлтүксүз өтүлүп турат.<br><br>1-4-класстарга ысык – тамакты уюштурууда, ата – энелер комитетинин  салымы да бар. Алар кошумча акча берүү менен балдарды толук кандуу ысык тамак менен камсыз кылышат. Мектептин салттуу иш- чараларынада «Карылар күнү», «Жаны жыл»,<br>«23- февраль Мекенди коргоо күнү» «8 – март Аялдардын майрамы», «Нооруз» күндөрү окуучулар тарабынан ата-энелерге ыр белектер тартууланып, куттуктоолор айтылат.<br>«Атам, апам жана мен» аттуу спорттук иш – чаралар  ж.б түрдүү кароо сынактар ата- энелер менен биргеликте өтүлөт.<br><br>«Бирге окуйбуз долбооруна» биздин мектеп  ата- энелер менен тыгыз байланышта болуп. Райондук масштабдагы семинар өтүлдү.<br>Бул  долбоордун алкагында ата- энелер  окуучулар менен бирдикте бирге окуунун усулдарын өздөштүрүү менен ар кандай сахна сабактарына жигердүү катышып, окуучулардын окуу китебине болгон кызыгуусун арттыруу менен түрдүү  китепчелерди жаратып, өз балдарынын окууга болгон жөндөмдүүлүктөрүн жакшыртуу, өнүктүрүү иш аракеттери жакшы жолго коюлду.<br><br>Ата- энелер 1- класстын «Алиппе» майрамында окуучулар менен бирдикте сахна сабагын уюштурушуп, музыка, аңгеме, ыр, көркөм окуу, жомоктон үзүндү сыяктуу иш – чараларга жигердүү катышып мугалимдин жүгүн азайтуу менен балдарга чон кубаныч тартуулашат.<br><br>Жыл сайын 19-май күнү ата – энелер менен биргеликте, жылдын жыйынтыгы чыгарылып «Отличниктердин слету» өтүлөт. Слетто отличник окуучулардын ата- энелерине ыраазычылык кат берилет.<br>Мектепте ата- энелер үчүн атайын бурч уюштурулган, ал бурчта өрнөктүү ата – энелердин сүрөттөрү илинип, мектептин коомдук иштерине активдүү катышкан  ата- энелердин  маалыматы дагы үзгүлтүксүз жыл ичинде берилип турат.  Ар чейрек сайын окуучулардын жетишкендиктерин, ийгиликтерин баалоо максатында ата- энелер чогулушу өтүлүп турат.<br><br>Ата – энелер  мектептин материалдаык техникалык базасын чыңдоодо да кем калышпастан, колдорунан келген жардамды аябай келет. Алардын жардамы менен кабинеттер жасалгаланып, класстын физикалык мейкиндигин курууда жана жашылдандырууга өз салымдарын кошушат.<br>Милиция кызматкерлери  кызматкерлери өспүрүмдөр арасында кылмыштуулукту алдын алуу жана талап тоноо арыздашуу сыяктуу көмүскөдөгү терс көрүнүштөрдү ачыкка чыгарып кесепеттери менен күрөшүүдө мааниси чон. Өспүрүмдөр арасында  кылмыштуулукту алдын алууда түздөн түз өспүрүмдөр менен иш алып баруу инспектору иштейт. Мектеп ичинде замандын талабына ылайык «Коопсуз мектеп», «Зордук зомбулуксуз | ОБО курстардын сертификаттары |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | мектеп», «Балдардын укугун коргоо», « Кылмыштуулукту алдын алуу», «Рекетчилик» , «Аталар кеңеши», «Энелер кеңеши», «Кыздар менен иш алып баруу», «Балдар менен иш алып баруу» план программалары милиция кызматкерлери менен бирдикте  иш - чаралар алынып барылат.азыркы учурда жаштардын тарбиясына өзгөчө маани берип, келечекте кылмыш жолуна түшпөй бекем денсоолукта өсүп сапаттуу билим алуусуна шарт түзүп берүү жеке гана мектептин милдети эмес жалпы коомчулуктун милдети. Милиция кызматкерлери окуу жылы башталгандан мектептин социалдык паспортун түзүп, окуучулар арасындагы көйгөлүү үй- бүлөөдөгү балдарды, тартиби, мүнөзү  оор окуучуларды, мигранттардын балдарын, жетим балдарды  изилдөө иштерин жүргүзүп, соцпедагогдор менен тыгыз байланышта иш алып барышат. Ай сайын ИДНкызматкерлери лекцияларды, тегерек стол уюштуруп, талкуу иштерин жүргүзүшөт. Мүнөзү оор балдар менен жекече аңгемелешүүлөрдү алып барышат. Майрам күндөрү милиция кызматкерлери менен бирдикте  түнкү рейддер уюштурулат. Окуучулардын соода түйүндөрдө, спорт аянчаларында жана башка коомдук жайларда түнкү саат 22.00дон кийин  көчөдө  жүргөн балдар менен жекече баарлашуу болуп турат. Мектепте «Жаш инспекторлордун» ЮИД курамы түзүлгөн, курамдын мүчөлөрү жолдо жүрүүнүн эрежелери боюнча түрдүү иш – чараларды, кароо- сынактарды алып барышат.<br><br>2020-жылдын февраль айынан тартып өлкөдөгү өзгөчө кырдаалга байланыштуу эпидемиалогиялык абал курчуду, өзгөчө кырдаалга карата мектепте окутуу тарбиялоо иштери онлайн форматында жүргүзүлдү. 2020-жыдын 1- сентябрынан баштап 1-класстын окуучулары салттуу окутууга өттү. Ал эми 5-кл, 9-кл , 11-класстын окуучулары1-декабрдан тартып, калган класстар 25-январдан баштап  салттуу окутула баштады.<br>Окутуу мезгилинде билим берүү министрлиги тарабынан билим берүү процесси реалдуу режимде башталган учурда короновирус инфекциясынын жайылышын алдын алуу боюнча санитардык – гигиеналык эпидемияга каршы иш- чараларды сактоо боюнча иш – аракеттердин алгоритми берилди. Мектепте ар бир келген адам үчүн антисептик менен колду тазалап туруу жагы баардык мугалимдерге милдеттендирилип температураны өлчөө баардык кызматкерлердин жана окуучулардын дене табы жөнүндө ФАПкызматкерлерине маалымдама берилип турду. Дене табы жогору болгон жана куч респиратордук оорунун белгилери бар адамдарды жумуш ордунан милдеттү түрдө четтетүү, эгер окуучу оору белгилери байкалса ата- эне ФАП кызматкерине кабарлап, аларды үйүнө жеткирүү жагы камсыздалды. Мектепте дезинфекция иштери жүргүзүлдү. Желдетүү жана тазалоо графиктери боюнча класстык бөлмөлөр убагы менен көзөмөлгө алынды. Окуучуларга ысык тамак берүүдө столдорду жуучу жана дезинфекциялоочу каражаттар менен тазалап туруу, ашпозчуларга милдеттендирилди. Мектептин кире беришинде «кирүү фильтри» уюштурулуп атайын журналга окуучулардын дене табынын көрсөткүчтөрү боюнча күн сайын маалыматтар жазылды. Ар бир окуучуга коргонуучу дезинфекциялык каражаттарды камсыз кылуу ата- энелер менен айыл өкмөт тарабынан жардам көрсөтүлдү. Мектепте врач жок болгондуктан ФАПкызматкери менен ыкчам байланыш түзүлүп окуучулардын, кызматкерлердин жалпы абалы жөнүндө маалыматтар берилип турду. ФАПкызматкери коронвирус инфекциясын алдын алуу, СПИД оорулары, | |

жугуштуу оорулар жана аларды алдын алуу боюнча профилактикалык иш чараларды жүргүзүп турат. ФАП кызматкеринин кыздар менен иштөөдө дагы маалыматтары өзгөчө мааниге ээ, кыздардын физиологиялык дене түзүлүшү жана алардын эрте балакатка жетиши, келечектеги эне катары түшүнүктөр берилип турат. ФАП кызматкери менен бирдикте «Эрте никеге туруу», «Өздүк гигиенаны сактоо» «Үй-бүлөөдөгү кыздын милдети», «Абийиринди жашындан сакта», «Эне сүтүн кантип актыйбыз» «Кыздуу үйдө кыл жатпайт» деген сыяктуу тегерек стол, жолугушуу кечелери өткөрүлүп турат.

Кум Дөбө айылындагы жаштар уюму менен мектеп өзгөчө спорттук иш- чараларды алып баруу жагы жакшы жолго коюлган. Спорт комплексинде 1-11- класстын окуучулары үчүн жаштар уюму жетектеген «Бокс», « Күрөш» залы иштейт. Бул залды жетектеген машыкыручулар өзүнүн үйрөнчүк балдарын спорттук мелдештерге катыштырып, ийиликтерге жетишүүдө.

Мындан тышкары, айылдык “ Ак –Булут” жаштар коому билимге умтулуусун, комдук иштерге активдүү катышуусун өстүрүү, кызыктыруу максатында жыл сайын 11-класстын алдыңкы бүтүрүүчүсүнө, ЖРТдан эң жогорку балл алган окуучуга 3000 ( үч миң ) сомдон жана жаштар уюмунун активдүү мүчөсү болгон 4 мектеп окуучусунун ар бирине 10 (он миң) сомдук телефон белекке берилди.

Ошодой эле, 2019-2020- окуу жылынын “Эне тил” күнүнө карата “Ак Булут” жаштар коомунун катышусу менен :

1. Көркөм окуу
2. Өздүк чыгармачылык (ыр жазуу)
3. Манас айтуу боюнча конкурс өтк өр үлүп, кызыктыруучу сыйлыктар берилди.

Мектепте окуучулардын өздүк чыгармачылыгын өстүрүү максатында “Бий”, “Комуз” , “Куурчак театр” кружокторy иш алып барат. Ар бир кружок жетекчиси ата энелерге отчёттук иш чараларды өткөрүп, окуучулардын , ата энелердин кызыгуусун арттырууда.

Кочкор райондук М.Мусулманкулов атындагы балдар искусство мектеби менен биргелешип иш алып баруунун натыйжасында К.Мырзабеков атындагы орто мектебинде “искусство” мектебинин филиалы түзүлүп, алгачкы бүтүрүүчүлөр “комуз” адистиги боюнча күбөлүк алышты.

Окуу сапатын жогорулатуу жана мугалимдер, окуучулар үчүн ыңгайлуу шарт түзүү үчүн демөөрчүлөр менен тыгыз иш алып барат.

- Айта кетсек, Калыкбек Султановдун демөөрчүлүгү менен 30 штук класстык доска, 1 интерактивный доска, 1 проектор, 1 ноутбук белекке берилди.
- Ардагер агайыбыз М.Мамбеталиевдин балдары “Медет Мамбеталиев” атындагы усулдук кабинетти толук шарты менен уюштуруп жабдып жана
  бир компьютер , бир принтер, 1 проектор, ДVD белекке беришти.
- Акыркы төрт жылдан бери 9, 11-класстын алдыңкы бүтүрүүчүлөрүнө 1000 (миң) сомдон стипендия берип келишүүдө.
- Айыл тургуну Аруунова Баян башталгыч класстын бир кабинетин толугу менен шкаф, парта, стул, доска, компьютер жана оформление жасап берип, жыл сайын толуктап берүүдө.

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | • Мугалимдер жамаатынын демөөрчүлүгү менен усулкана жана залдар жаңыртылып жасалгаланууда.<br>• Ата энелердин, бүтүрүүчүлөрдүн жардам менен класстык кабинеттер ремонттолуп, усулдук шкафтар жаңы жасалып, кабинеттер оформление болууда.<br>• “Демилгелуу жаштар” тобунун каржылоосу менен мектептнн кире беришине кол жуучу үч раковина аристону менен орнотулду.<br>• Айыл өкмөттүн каржылоосу менен мектеп ашканасына 6 раковина, актовый залга көрүүчүлөр үчүн 30 шт скамейка берилди. | |
| **1.7** | **Билим берүүнү башкаруунун колдонуудагы маалыматтык системасынын , веб-сайттын, электрондук почтанын болушу;** | Мектепте 2020-2021- окуу жылынан баштап электрондук күндөлүк иштеп жатат.<br>Ар бир мугалимдин электрондук почтасы бар.<br>✓ Мектепте бир компьютердик класс бар. Анда 13 компьютер, бир телевизор, бир проектор, бир интерактивдүү доска бар. 6 компьютерге сеть аркылуу МаксЛинк компаниясынын КРББ министрлиги каржылаган интернет туташтырылган.<br>✓ Андан тышкары мектепте мугалимдер үчүн 3 компьютер, 3 принтер, 1 телевизор бар.<br>✓ Мугалимдердин 30% де ноутбук, компьютер бар.<br>✓ Мектептин электрондук почтасы аркылуу иш кагаздар тиешелүү жактарга жөнөтүлөт<br>Электрондук дарек: myrsabekovk@mail.ru<br>Электрондук сайт: myrzabekov.mektebim.kg. Жооптуу Ногойбаева Гүлбүбү. | **Материалдык техникалык база бар.(компьютер, интерактивдү доска, принтер, проектор, ноутбук, телефон, телевизор)** |
| **Күчтүү жагы** | | Мектептин жетишкендиктери;<br>-окуучулардын, райондук, областтык олимпиадалардагы, ЖРТдагы ийгиликтери жана ага карата даярдоодогу мугалимдердин тажрыйбасы.<br>-Окуучулардын, мугалимдердин район ичиндеги ар кандай курстарга, спорттук иш чараларга катышуусу.<br>- райондук семинарлардын мектепте өткөрүлүшү.<br>-Республикалык, областык дистанттык окууларга педагогдордун катышуусу.<br>- Мектептин көмөкчү чарбасынын болушу. | |
| **Күчсүз жагы** | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **2, КАДРДЫК САЯСАТТЫН ЭФФЕКТИВДҮҮЛҮГҮ** | | | |
| **2.1** | Педагогикалык,админстративдик,окутуучу-көмөкчү жана кенже тейлөөчү персоналды жумушка алуунун (жумуштан бошотуунун) объективдүү критерийлерин жана шарттарын камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу | К.Мырзабеков атындагы орто мектебине педагогикалык кадрларды ишке кабыл алуу КР эмгек кодексинин талаптарына ылайык жүргүзулөт. Педагогикалык ишке зарыл болгон,педагогикалык квалификациясы бар,кызматы жана адистиги боюнча квалификациялык мүнөздөмөнүн талаптарына туура келген билими жөнүндө документи бар адамдар кабыл алынат. Жалпы билим берүү уюмдун кызматкерлерине жана администарациясына карата КР эмгек кодексинде каралган эмгек мыйзамдары колдонулат.Эмгек келишиминин жарактуулук мөөнөтү КРнын эмгек жөнүндөгү мыйзамдарына ылайык аны түзүүдө кызматкер жана жумуш берүүчү тарабынан аныкталат.Соттолгон же КР өкмөтү бекиткен тизме боюнча медициналык көрсөткүчтөрү бар жарандарга жалпы билим берүү уюмдарында иштөөгө жол берилбейт. Кеңешбек Мырзабеков атындагы орто мектебинде персоналдын, окугандардын, социалдык өнөктөштөрдүн жүрүм-турумунун этикалык ченемдери жана мектепке кабыл алуу боюнча эрежелер топтому иштелип чыккан.<br>Учурда мектептин педагогикалык кадр менен камсыз болушу 100%.<br>Педагогикалык кадрлардын жалпы саны- 72<br>Анын ичинен жогорку билимдүүсү-72 мугалим, бакалавр-3<br>КР нын “Билим берүүсүнүн отличниги” - 19<br>алпы педстаж боюнча:<br>жылдан 5-жылга чейинкилер -7<br>жылдан 10 жылга чейин-8<br>) жылдан 15 жылга чейин –8<br>15жылдан өйдө стажы барлар- 49 | **Укуктук ченемдик акт**<br><br>**Эмгек келишими** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.2 | Штаттардын комплектелишинин, педагогикалык персоналдын квалификациясынын жана билиминин билим берүү программасына шайкеш келүүсү | Мектепте педагогикалык жана көмөкчү курамдын комплекттелиши, квалификациясы, билими жана тажрыйбасы билим берүүнүн максаттарына жетүүгө ылайык. Ар бир окуу жылынын башталышында мугалимдердин кесиптик өздүк курамы такталып РИК-83 кадрдык отчет берилип турат.<br><br>Мектепте 72 мугалим эмгектенет .<br><br>100% жогорку билимдүү<br><br>98% өзүнүн адистигине жараша комплектелген.<br><br>Ар бир окуу жылынын башталышында Райондук Билим берүү бөлүмүнө мектептин квалификациясын жогорулатууга муктаж мугалимдеринин тизмеси бекитилип берилет. Областтык билим берүү институтунун квалификацияны жогорулатуу семинарларынын графигине киргизилип мугалимдер квалификациясын жогорулатып келишет.КРнын жалпы билим берүү уюмдарынын предметтик стандарты боюнча 37 мугалим атайын курстан өтүштү, креативдүү окуудан 12 мугалим өтүп келди.<br><br>Мектептин мугалимдеринин кесиптик квалификациясын жогорулатуу үчүн беш жыл сайын жиберилет, андан сырткары тренингдерге , кыска мөөнөттүү квалификациясын жогорулатуучу окууларга барышат.<br><br>Мектептин мугалимдеринин кесиптик квалификациясы боюнча камсыздалышы 100%.<br>Бардык мугалимдердин билими билим берүү программасына шайкеш келет. | **Мугалимдер жөнүндө маалымат** (комплектование) |
| 2.3 | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоону, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол- | Мектепте физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү камсыз кылуу үчүн педагогдор менен ата - энелер ортосунда келишимдер түзүлгөн. Анкета түрүндө алынып физикалык коопсуздук б-ча имараттын коопсуздугу, бөлмөлөрдүн жарыктандырылышы , кабинеттердин жылуулугу, желдетилиши, таза суу менен камсыз болушу, мебелдердин коопсуздугу ата - энелер , жергиликтүү бийлик менен кайрылуулардын , маек жүргүзүү, проблемаларды суроо жооп аркылуу аныктап алып, | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | жоболордун болушу | стратегиялык планга киргизилген, айрым учурда тез кабыл алуу педагогдордун чогулушунда чечилет. Балдардын ден соолугун коргоо, жугуштуу ооруларды алдын алуу үчүн ФАП кызматкери менен мониторинг жүргүзүлүп турат. Социалдык педагог анкета жүргүзот жашыруун кутуча пайдаланылат,ар бир айда комиссия курамы менен ачылып протокол түзүлот. Ар кандай психологиялык коопсуздукту алдын алуу үчүн кутуча ичиндеги койгойлор ата эне, окуучу менен бирдикте маек жүргүзүүү менен чечилет. ИДН кызматкерлери менен ай сайын чогулуштар өтүлүп түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турат.<br><br>Өрт коопсуздугу боюнча мектеп ичинде ар бир адам КРдин өрт коопсуздугунун 1995 – жылдын № 33 инструкциясынын негизинде эрежелер сакталат. Мектептке эмгек өргүүсүнүн келген ар бир мугалим өрт коопсуздугунун инструкциясы менен таанышкандан кийин гана иштөөгө жол берилет. Өрт коопсуздугун сактоо боюнча атайын комиссия түзүлгөн Эвакуация пландары илинген жана өрт өчүрүүчү щит ага тиешелүү жабдыктар; өрт өчүрүүчү балондор, күрөк, лом, кум салынган ящик, бочка, гидрант менен камсыз болгон. | |
| 2.4 | Педагогикалык, административдик, кенже тейлөөчү жана окутуучу-көмөкчү персоналдын ишин баалоону, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу | Педагогикалык, административдик, окутуучу-көмөкчү жана кенже тейлөөчү персоналдын ишин баалоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн<br>2011-жылдын 31-майындагы № 270 токтому менен бекитилген **Билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин эмгек акысын эсептөөнүн тартиби жөнүндө НУСКАМАга ылайык жүргүзүлөт.**<br><br>2011-жылдын 31-майындагы № 270 токтому менен бекитилген 4-тиркемедеги “Жалпы билим берүүчү уюмдардын кызматкерлерине дем берүүчү эмгек акыны эсептөө боюнча” 1-2-4-таблицасына ылайык жүргүлөт.<br><br>Жыл ичиндеги квартал сайын жалпы билим берүүчү уюмдардын кызматкерлерине дем берүүчү эмгек акыны эсептөө боюнча атайын | Эксперттик кенеш жөнүндө жобо, буйруктар<br><br>Эмгек китепчелери,, Эксперттик комиссиянын протоколу,<br><br>Директордун буйруктары |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | комиссия усулдук бирикмелердин жетекчилеринин берген маалыматына карап иш жүргүзөт.<br><br>Мектепте 8 усулдук бирикме бар болсо, анда иштин татаалдыгы жана ургаалдуулугу үчүн ЭККны эске алганда ЭКК 8ге барабар.<br>ЭККны сунушталган индикаторлор боюнча бөлүштүрүү мектептин эксперттик кеңеши тарабынан бул же тигил көрсөткүчтөр боюнча иштин болгондугун эске алуу менен кабыл алынат.<br><br>**Администрациялык-башкаруучу**, чарбалык жана көмөкчү персонал үчүн дем берүүчү эмгек акыны эсептөө принцибин мектеп өзү аныктайт.<br><br>Мындан сырткары педагогикалык, административдик, окутуучу-көмөкчү жана кенже тейлөөчү персоналдын иши окуу жылынын акырында “Мектептин жыл ичинде аткарылган иштер боюнча жыйынтыгы жана штаттарды комплектилөө” педагогикалык кенештин жана профсоюз уюмунун биргелешкен чогулушунда бааланып, аткарылган иштери боюнча сыйлыкка көрсөтүү жагы сунушталат.<br><br>Педагогикалык, административдик, кенже тейлөөчү жана окутуучу-көмөкчү персоналдын ишмердүүлүгүн баалоо механизми жана жол-жоболору бекитилген жана далилдери бар. Жыл сайын баалоо жүргүзүлөт. Анын жыйынтыгы боюнча, стимулдар бөлүштүрүлүп, КТУ аныкталат, кошумча эмгек акы ж.б.у.с. тийиштүү чечимдердин протоколдору бар. Чечимдер бардык категориядагы персоналдын салымын эске алуу менен кабыл алынат.<br><br>Мектепте эксперттик кеңеш түзүлгөн , персоналдын ишин баалоо боюнча критерийлердин негизинде баалоо упайы коюлат, ар бир квартал сайын КТУда каралып , бааланат.<br><br>Андан сырткары профсоюз тарабынан сыйлык, грамоталарга көргөзүлөт ал пед кенеште жана профсоюз чогулушунда каралат. Айрым учурда | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | эмгек китепчелерге сыйлоо буйругу жазылат. | |
| Күчтүү жагы: | | муғалимдердин эмгектенүүсү үчүн жакшы шарттар түзүлгөн. Мугалимдерди баалоодо дем берүүчү эмгек акы туура жана талаш-тартышы жок жүрөт . Баалоо жакшы жолго коюлган. | |
| Күчсүз жагы: | | | |
| **МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА** | | | |
| 3.1 | Билим берүү процессинин катышуучуларына,анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жеткиликтүү болгон окуу имараттарынын, жайлардын жана материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары, лабораториялар, компьютердик класстар, спорт зал, актылар залы, медициналык пункт, ашкана) ошондой эле жашоо үчүн тиешелүү шарттары бар жатаканалардын (эгерде болсо) болушу | 1 Мектепте окуучуларды шыктандыруу жана окуунун натыйжасына жетишүүсүнө түрткү берүү, жардам берүү үчүн ар бир класска бекитилген класс жетекчилер иш алып барат.Мындан тышкары мектепте балдар менен иштөө үчүн социалдык педагог бекитилген иш мерчеминин негизинде иштейт.<br><br>2 Мектептин штатына бекитилген медициналык кызматкер жок болгондугуна байланыштуу окуучулардын жана педагогикалык курамдын ден-соолугуна кам көрүү айылдык Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун медициналык кызматкерлери тарабынан камсыздалат.<br><br>Мектептин натыйжалуу ийгиликтери, окуучулардын билим сапатынын жогору болушу бирден бир мектептин материалдык-техникалык базасына көз каранды. Мектептин материалдык –техникалык абалы жакшы, 32 окуу кабинети,<br>1 спорт зал, тренажер залы, 2 лаборатория кабинети, 2 кол эмгек кабинет жан 1 актовый залы бар.<br><br>Мектепке от жагуу жана электрдик жылытуу системасы киргизилген жана мектепте кышкысын жылуулук режим сакталат. Мектепте канализация иштебейт. Мектеп имаратында суу ашканада гана чыгат, суу түтүкчөсү мектептин короосунда бар. Окуу кабинеттери, спорт зал,ащкана жакшы абалда. Мектепте ашкана иштейт. 1-4-класстын 406 окуучуларына ысык тамак берилет. Мектеп ашканасы 120 орундук стол, стулу, электроплитка, идиш-аяктар, идиш жуугуч каражаттар менен камсыз кылынган. Мектеп администрациясы , ата энелер, ГСВ, санэпидстанция тарабынан көзөмөлдөнүп турат.<br><br>Мектепте 13 компьютер окуучулар үчүн. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | 3 компьютер мугалимдер үчүн иштейт. Ошондой эле 1 интерактивдүү доска, 1 проектор ноутбугу менен 3 принтер-ксерокс бар.<br><br>Билим берүү уюмунун жакшырышына салым кошкон проектер:<br><br>1. ПРООН проектиси аркылуу- окуучуларды ысык тамак менен камсыз кылууга ашканага 450000 сомдук инвентарлар алынган.<br><br>2. А) ПРООН Б) Өздүк салымдын негизинде көмөкчү чарба : эчки багуу чарбасы түзүлүп, 472500 сомго 105 баш эчки алынган.<br><br>3. БЭМ-АС жеке курулуш фирмасы ( мамлекет тарабынан каржыланды) : капиталдык ремонт-мектептин окуу кабинеттеринин жана залдардын терезелерин ПВХга алмаштырылды, от казан коюлду, мектептин сыртына косметикалык ремонт жүргүзүлдү, мектептин чатыры толук алмаштырылды. Чыгым- 10379483 сом<br><br>4. Кум Дөбө айыл өкмөтү тарабынан 40000 сомдук ашканага раковина, аристон, кол кургаткыч жана 10000 сомго суу айлантуучу насос коюлду.<br><br>5. Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан 60000 сомго 2 плазма телевизор берилди.<br><br>6. Демөөрчү К.Султанов тарабынан<br>-1 шт проектор-19312 сом,<br>-1шт ноутбук- 17466 сом,<br>- 20шт класстык доска-100000 сом<br>- 1шт интерактивдүү доска-47300<br>сом, жалпы 184078 сомдук жардам корсөтүлдү.<br><br>7. Айыл өкмөтү тарабынан өрткө каршы жабдуулар 21000 (жыйырма бир миң) сомдук жардам көрсөтүлдү.<br><br>8. 20 штук скамейка 52340 сомдук жардам корсөтүлгөн. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | 9. Айыл өкмөтү тарабынан 2 гектар жер берилген, ал жерге чоп айдалып, 300-350 шт пресс алынып, чөптү сатып мектеп керектөосүнө жумшалат.<br><br>Учурда мектеп талапка жооп берет. Кышкысын жылуу, жарык балдар үчүн ыңгайлүү шарттар түзүлгөн. Материалдык базаны чыңдоонун үстүндө аракет кылабыз.<br>Кеңешбек Мырзабеков атындагы орто мектебинин материалдык техникалык базасын жана информациялык ресурстарын топтоо жана баалоо, талдоо жана жакшыртуу үчүн донорлорду жана спонсорлорду тартуу менен бирге проектилерди жазып, жергиликтүү бийликтин өкүлдөрү менен социалдык кызматташууну өрчүтүүнүн үстүндө иш алып барууда. | |
| 3.2 | Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо (экологиялык, санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер, өрткө каршы коопсуздук, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелери) | Мектепте 1-сентябрь 2014-жылдан баштап 1-4-класстын окуучулары үчүн ысык тамак берилип келе жатат. Мектептин ашканасы талапка ылайык жабдылган. Өрт коопсуздугун сактоо боюнча атайын иштелип чыккан №1 педагогикалык кеңешмеде бекитилген баштапкы профсоюз уюму менен макулдашылган көрсөтмөнүн негизинде иш алып барылат.Эмгекти коргоо боюнча докладдар окутулат.Окуу семинарлары уюштурулуп ,инструктаж өткөрүлөт . Класстык бөлмөлөрдө,залда коопсуздук эрежелерини көрсөтмөлөрү илинген. Окуучуларга тааныштырылып кол койдурулган документтер бар. Өрт жана экологиялык коркунучтарды жоюу үчүн өрт өчүрүүчү щит жана ага тиешелүү жабдыктар: өрт өчүрүүчү балондор, күрөк, лом, кум салынган ящик, өрт өчүрүүчү гидрант бар. Мектептин чатыры өрттөн сактоочу заттар менен чачыратуу сигнализация менен камсыз кылынган. Өрт өчүрүүчү каражаттар 100% жетиштүү.<br>Техникалык коопсуздук эрежелери, өрт коопсуздугу, эмгекти коргоо боюнча инструктаж өтүлүп турат.<br><br>Азыркы учурдагы пандемияга каршы санитардык-гигиеналык нормалардын бардыгы аткарылууда. Мектепте кирүү фильтри уюштурулуп, ар бир окуучунун жана иугалимдердин дене табын текшерүү жана ден соолугунун абалы жөнүндө атайын журналга катталып, түшүрүлөт. Ар бир класста окуучулар жекече коргону каражаттары менен камсыздалган. | Инструктаж<br><br>Документтер (фото)<br>СЭС тин актысыОртко каршы коопсуздугунун актылары.<br>Эмгекти коргоо жана коопсуздук актылары<br>Инструкция тех.кооп. |
| 3.3 | Материалдык-техникалык базаны | МТБ боюнча анализ жүргүзүлүп катталган Долбоор тартуу жана МТБ жакшыртуу боюнча өсүш жылдан жылга көбөйүүдө. | *МТБны жакшыртуу* |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо,баалоо, талдоо жана пландоо механизминин болушу | 2016-2017-окуу жылында 20%<br>2017-2018-окуу жылында 30%<br>2018-2019-окуу жылында 40%<br>2019-2020-окуу жылында 50%<br>2020-2021-окуу жылында 60%<br>Мектептин материалдык-техникалык базасын жакшыртууга ата-энелер, демөөрчүлөр тарабынан колдоолор көрсөтүлүп, окуу кабинеттери жабдылууда:<br><br>Орус тил кабинети - 28 000 сомго;<br>Орус тил кабинети – 31 000 сомго;<br>Кыргыз тили жана адабияты кабинети – 18 000 сомго;<br>Манас залы – 20 000 сомго;<br>Усулдук кабинет – 80 000 сомго;<br>Демилгелүү жаштар тобу тарабынан 55 000 сомго кол жуучу раковиналар орнотулуп, окуучулардын билим алуусуна жакшы шарттар түзүлүүдө.<br><br>Материалдык-техникалык базаны жакшыртуу мектепин стратегиялык планында каралган: окуу кабинеттерин толук жабдуу, компьютердин санын көбөйтүү, башталгыч класстын окуучулары үчүн ыңгайлуу парта менен камсыз кылуу, мектеп ичинде санузел (ички туалет) куруу ж.б. | *планы*<br><br>*МТБ боюнча отчеттор*<br><br>*Анализ* |
| Күчтүү жагы | | Сабактан сырткаркы иштерде окуучулардын көп ийгиликтерди жаратышы<br><br>Тарбиялык иштер натыйжалуу жүргүзүлүүдө жана конкурстар үзгүлтүксүз өтүлгөндүктөн кылмыштуулуктун алдын алууга мүмкүнчүлүктөр чоң.<br>Ата энелер менен тыгыз байланышта болуу<br>Мектептеги ачык айкындуулук<br>Мектептин жетишкендиктери менен кыйынчылыктарын ата энелер менен бирдикте талкулоо . Көпчүлүк учурда ата энелердин колдоосу, балдарынын билим алуусуна кызыкдар болушу.<br>Электрондук китепкананын болушу. | |
| Күчсүз жагы | | Компьютерлердин аздыгы. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **ФИНАНСЫЛЫК РЕСУРСТАРДЫ БАШКАРУУ** | | | |
| 4.1 | Финансылык пландоо системасынын болушу | **Кеңешбек Мырзабеков атындагы орто мектебинин 2018-2019-окуу жылынын текущий ремонтунун отчету**<br><br>Текущий ремонт: 64 564 сом | |

<table>
<tr>
<td></td>
<td></td>
<td>Хоз товар: 21 790 сом<br>2019-2020-окуу жылынын отчету<br>Текущий ремонт: 66 245 сом+6624 сом=72 869 сом<br>Концтовар: 51 298 сом<br>2020-2021-окуу жылынын отчету<br>Текущий ремонт: 60 898сом 50тыйын<br>Концтовар: 15 155 сом<br>Хозтовар: 37 810 сом<br>Антисептик: 2988сом 04 тыйын + 26985 = 29 973сом 04 тыйын</td>
<td></td>
</tr>
<tr>
<td>4,2</td>
<td>Кошумча финансы ресурстарын тартуу, бөлүштүрүү жана отчеттуулук боюнча ачык-айкын механизмдердин болушу</td>
<td>Кошумча финансы жергиликтүү бийлик айыл өкмөттөн ж.б ресурс тартуу бөлүштүрүү боюнча материалдык техникалык базасынын динамикалык өзгөрүүсү
<table>
<tr><th>№</th><th>Аталышы</th><th>2016-2017</th><th>2017-2018</th><th>2018-2019</th><th>2019-2020</th><th>2020-2021</th></tr>
<tr><td>1.</td><td>Ноутбук</td><td>-</td><td>2</td><td>4</td><td>6</td><td>14</td></tr>
<tr><td>2.</td><td>Компьютер</td><td>0</td><td>4</td><td>4</td><td>9</td><td>11</td></tr>
<tr><td>3.</td><td>Проектор</td><td>1</td><td>1</td><td>1</td><td>2</td><td>2</td></tr>
<tr><td>4</td><td>Видеокозөмол</td><td>-</td><td>-</td><td></td><td></td><td></td></tr>
<tr><td>5.</td><td>Телевизор</td><td>1</td><td>1</td><td>2</td><td>2</td><td>3</td></tr>
<tr><td>6</td><td>Цвет.принтер</td><td>-</td><td>-</td><td>-</td><td>-</td><td>-</td></tr>
<tr><td>7</td><td>Принтер (лазерн)</td><td>1</td><td>1</td><td>1</td><td>1</td><td>1</td></tr>
<tr><td>8</td><td>Интерактивдүү доска</td><td>--</td><td>-</td><td>-</td><td>1</td><td>1</td></tr>
</table>
</td>
<td></td>
</tr>
<tr>
<td>4.3</td>
<td>Финансы ресурстарын жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландоо механизминин болушу</td>
<td>Финансы ресурстарын жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландоо механизмдери бар.<br>1.Мектептин киреше булактары аныкталат.<br>-Мамлекет тарабынан берилген материалдык жардамдар;<br>-Жергиликтүү бийлик тарабынан келген кирешелер;</td>
<td></td>
</tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | -Мектеп киреше булактарына 10,20 жылдык бүтүрүүчүлөр тарабынан көрсөтүлгөн жардамдар;<br>-Демөөрчүлөр тарабынан берилген акча каражаттары жана материалдары.<br>2.Мектептин чыгашалары эсептелип чыгарылат.<br>-Коммуналдык чыгымдар;<br>-Концелярдык товарга кеткен чыгымдар;<br>-Электр энергияга кеткен чыгымдар;<br>-Оңдоп түзөө иштерине кеткен чыгымдар;<br>-Транспорттук чыгымдар;<br>-Кызмат сапарына кеткен чыгымдар;<br>-Утурумдук ремонтко кеткен чыгымдар. | |
| Күчтүү жагы | | Финансы боюнча маселелердин ачык айкын болушу. Тартылган инвестициялардын ачык айкын болушу | |
| Күчсүз жагы | | | |

**Жыйынтык:**

Кеңешбек Мырзабеков атындагы орто мектебинин иш кагаздары талапка ылайык жүргүзүлөт: 36 класстык журнал, алфавит китеби, окуучунун жана мугалимдердин жеке иш-кагаздары, буйрук китептер. Окуучулардын келип-кетүү кыймылы боюнча убагында алфавит китебине өзгөртүү киргизилип, класстык журналдар, окуучулардын өздүк делолору текшерилип турат. Чейрек сайын окуучулардын билим сапаты, жетишүүсү тууралуу Кочкор ирайондук билим берүү бөлүмүнө маалымат берилет. Окуу жылынын жыйынтыгы менен мектептин ишмердүүлүгү, жетишкен ийгиликтер боюнча анализ жүргүзүлөт. Бул анализдин негизинде жаны окуу жылына карата план иштелип чыгат. Мектептин күчтүү жагы болуп алдына койгон максатынын, миссиясынын тактыгы, чыгармачыл изденүү менен эмгектенген көп жылдык эмгек стажысы бар мугалимдердин басымдуулугу эсептелинет. Жыл сайын мугалимдер жамааты жаш кадрлар менен толукталып турат. Бул мугалимдерге насаатчы мугалимдер бекитилип, усулдук жардам берилет. Билим беруүнүн жаны Мамлекеттик стандарты боюнч мугалимдердин календардык пландары, күнүмдүк пландары иштелип чыккан. Чейрек сайын билим берүү боюнча жыйынтык чыгарылып, мониторинг түзүлөт.

Окуучуларды ЖРТгө даярдоону жакшыртуунун үстүндө иш алып барылат. Мугалимдер заман талабына ылайык заманбап технологияларды колдонуу менен билим сапатын көтөрүүнүн үстүндө иш алып барышат. Мектеп китепканасынын фонду жыл сайын жаңыртылып турат

Мугалимдер жамаатынын курамы күчтүү. Жаш мугалимдерге усулдук бирикме тарабынан тиешелүү денгээлде жардам көрсөтө алат.Мектеп окуучуга билим берүү үчүн заманбап,интерактивдик доскалар менен камсыз болгон,бирок 1 интерактивдик доска окуучулардын талабына жооп бербейт,саны аз. Тилекке каршы, окуучунун саны компьютердин санына туура келбегендиктен жаңы компьютер менен камсыз кылуу талап кылынат. Мектеп химия, физика сабактары боюнча методикалык колдонмолор,лабoратриялык жабдыктарга муктаж..

Мектепте окуу-тарбия иштери туура жолго салынып, ата-эне менен тыгыз иш алып барылат. Окуучулар арасында ар кандай класстан тышкаркы иштер, маданий иш-чаралар уюштурулуп турат. Класс жетекчилер жогорку класстын окуучулары менен тегерек столдорду, диспут, КВН, презентацияларды планга ылайык өткөрүп турушат. Мектепте спорт жагынан ар кандай ийримдер иш алып барышат. Окуучулар күрөш, футбол боюнча көптөгөн ийгиликтерге жетишишкен.

Мектеп “Сергек жашоо” социалдык проектиси менен иш жүргүзүшөт. Класстан тышкаркы иштерди уюштуруу оң жолго салынган. Тарбия процесси мектеп окуучуларын жана жаштарды тарбиялоо концепциясын негизге алуу менен 10 багытта ийгиликтүү иш алып барат. Мектеп парламенти өз планынын негизинде мектеп турмушунда салтка айланып калган иш чараларды өткөрүп турат.

Мугалимдер жамаатынын ийгиликтүү иш алып баруусу, окуучулар жамаатынын Мамлекеттик стандартка ылайык билим алуусу үчүн канааттандырарлык деңгээлде материалдык техника,маалымат технологиялары бар: компьютердик класс, интерактивдүү доска, проектор, принтерлер бар,бирок жетишсиз.Интернет байланышы киргизилип,компьютерлер интернет байланышына туташтырылган.

Окуучулар жана мугалимдер үчүн ашканада таза суу орнотулган,тышкы ажатканалар иштейт. Жылуулук системасы электрэнергиясы жана от жагуу менен берилет.

Мектептин  ишмердүүлүгүндө эксперттик топ көрсөтүлгөн документтерге жана өзүн-өзү баалоонун жыйынтыгына анализ жүргүздү. Текшерүү убагында төмөнкү аспектилер каралды:

> Мектептин  ишмердүүлүк  жүргүзүүчү баштапкы документтердин бар болушу (устав, күбөлүк, лицензия, сертификат, ж.б.);

Мектеп документациясынын талапка ылайык жүргүзүлүшү(класстык журналдар, алфавиттик китеп, окуучулардын өздүк делолору, мектептин жылдык планы, буйруктар, мамлекеттик үлгүдөгү документтерди каттоо китеби, педагогикалык кеңеш- токтомдору, педагогикалык кадрлардын өздүк делолору);

> Билим берүүнүн сапаттык ички көзөмөлдөөнүн материалдары жана мониторингдер;

> Окуу- процессинин камсыздалышы (маалыматтык технологиялар, лабораториялар, окуу куралдары, окуу китептери);

> Материалдык базанын болушу(класстар, инвентарлар, актовый зал, ашкана, медпункт, спорт аянтчалары,китепкана);

> Структуралык бөлүктөрдүн иши (медпункттун иши, китепканачы, ашкананын иш абалы);

> Тарбиялык иштердин абалы;

> Окуу- тарбия процессине катышуучулардын мектеп  ишинин ишмердүүлүгүнө  берген баасы;

Кеңешбек Мырзабеков атындагы орто мектеби  жобого ылайык бардык нормативдик-укуктук документтерге ээ:

1.Билим берүү мекемесинин Уставы;

2.Юридикалык тарап катары күбөлүк;

3.Жалпы орто билим берүү уюму катары статусу бекемделген сертификат № СС180002683

Мектеп иш кагаздары  нормативдик талаптарга ылайык жүргүзүлөт: класстык журнал,  алфавит китеби, окуучулардын өздүк делолору, мугалимдеридин өздүк делолору, эмгек келишимдери. Окуу процессинде болгон өзгөрүүлөр өз убагында жана системалуу түрдө класстык журналдарда, өздүк делолордо белгиленип, тил кат, тастыктамалардын негизинде аныкталып турат.Ар бир окуу жылынын, ар бир чейректин аягында окутуу-тарбиялоо поцессинин, жалпы ишмердүүлуктүн жыйынтыгы чыгарылып, жетишкен жана кемчилик кеткен, аксап жаткан учурлары боюнча анализ чыгарылып, мектептин стратегилык планын,миссия, максаттарын негизге алуу менен, кийинки кадамдар такталат, жоопту адамдар жана аткаруу мөөнөтү белгиленет.

**Комиссиянын төрагасы**: К.Ю.Сексеков- мектеп директору:

**Комиссиянын мүчөлөрү:**

1.М.Арыстанбекова- окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары

2.Шаршенкул к Жылдыз –тарбия иштери боюнча директордун орун басары

3. Жайлообаева М-соц педагог
4. Тургуналиева Н- кесиптик бирлик уюмунун төрайымы
5. Абдысадыкова С - окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары

6. Кароолова Э- ата энелер комитетинин төрайымы